# Зул-Хиджа айынын алгачкы он күнү

[ Кыргызча – Kyrgyz – القرغيزي ]

Алайчы Сейитбеков

# فضل عشر ذي الحجة

[ Кыргызча – Kyrgyz – القرغيزي ]

آلايتشي سعيدبيكوف

مراجعة: فريق اللغة القرغيزية بموقع دارالإسلام

**Зул-Хиджа айынын алгачкы он күнү**

Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын аты менен баштаймын.

Алла Таалага чексиз мактоолор, пайгамбарыбызга Алланын салам жана салаватын айтуу менен бирге Зул-Хиджа айынын айрым артыкчылыктарына токтолмокчумун.

Зул-Хиджа айында динибиздеги өтө маанилүү ибадаттардын бири ажылык ибадаты аткарылып, негизги майрамдарыбыздын бири Курман айты белгиленет. Бул айдын алгачкы он күнү өзгөчө артыкчылыктарга ээ болгондуктан бул күндөрү аткарылган ибадаттардын сооп-сыйлыгы да жогору болот.

Касиеттүү Куранда "Фажр" сүрөсүнүн башталышында Алла Таала: **"Таңга ант! Он түнгө ант!..."**[1] деп ант берүү менен баштаган аяттар бар. Алла Таала маанилүү, даражалуу, пайдалуу нерселер менен гана ант берет. Ибн Аббастын (Алла андан ыраазы болсун) чечмелөөсүндө бул аятта айтылган "Он түн" Зул-Хиджа айынын алгачкы он күнү. Демек, мындан бул он күндүн башка күндөрдөн өзгөчөлүгү бар экенин байкоого болот. Ошондой эле, Курандагы: **"Белгиленген күндөрдө Алланы зикир кылуулары үчүн..."**[2] деген аяттагы "Белгиленген күндөрдү" да көпчүлүк чечмелөөчү аалымдар Зул-Хиджа айынын алгачкы он күнү деп айтышкан.

Ибн Аббас (Алла андан ыраазы болсун) айтып жеткирген хадисте пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Зул-Хиджа айынын алгачкы он күнүндө аткарылган иштерден өткөн сооптуу иштти кезиктирүүгө болбойт" – деп айтты. Анда сахабалар таң калып: "Алла жолунда казат кылуу да буга тең келбейби?" – деп сурашты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Ооба, Алла жолунда казатка чыгуу да тең келе албайт, бир гана бир киши жаны, мал-мүлкү менен чыгып, андан жаны да мал-мүлкү да Алла жолуна сарпталып, кайра тирүү кайтпай калган адамдын сыйлыгы гана тең келе алат", - деп жооп берди. [3]

**Бул күндөрү төмөнкүдөй амалдарды аткарууга аракет кылуубуз зарыл:**

1) Көбүрөөк намаз окуу.

Савбан (Алла андан ыраазы болсун) минтип айтат: "Алланын элчиси мага: "Алла Таалага көп-көп сажда кыл, сен Аллага бир сажда кылсаң, Ал сенин даражаңды көтөрүп, күнөөңдү кечирет" деп айтты".[4] Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул айтканы бардык учурларга тиешелүү.

---

[1] (Фажр сүрөсү, 1-2-аят)

[2] (Хаж сүрөсү, 28-аят)

[3] (Имам Бухари, 926).

[4] (Имам Муслим).

2) Орозо кармоо.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жубайларынын бири минтип айткан: " Алланын Элчиси "Ашура" күнүндө, Зуль-Хижжа айынын баштапкы тогуз күнүндө, ар бир айда үч күндөн жана дүйшөмбү менен бейшемби күндөрү орозо кармоочу».[5]

3) Көп-көп такбир айтуу.

Ибн Умар (Алла андан ыраазы болсун) айтып жеткирген хадисте пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты): «Алла үчүн Зул-Хиджанын он күнүнөн өткөн даражалуу жана ошол күндөрдө аткарылган амалдардан сүйүктүүрөөк амал жок. Ошондуктан, ушул күндөрдө тахлил, такбир жана тахмид айтууну көбөйткүлө" – деп айткан.[6]

4) Арапа күнү орозо кармоо.

Бул тууралуу пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Арафат күнүндөгү орозо өткөн жана кийинки жылдагы күнөөлөрдүн кечирилишине себеп болоорун Алладан үмүт кылам" – деп айтканы бар.[7]

Зул-Хиджа айынын баштапкы он күнүндө мына ушундай амалдарды аткаруу менен Алла кааласа көптөгөн соопторго ээ болобуз. Жогоруда айтылгандай бул айда ажылык ибадаты аткарылып, курмандык чалынып, башка айларда кезикпеген ибадаттар бирге аткарылат. Демек, Алла Таала берген мындай мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбай, ибадат кылып, кетирген күнөө-кемчиликтерибиз үчүн тобо кылып, Алладан мындан ары да жашообузду ибадат менен өткөрүүнү сuranып дуба кылалы.

[5] Ан-Насаи, 2\2726.

[6] Имам Ахмад, Ат-Табарани. Тахлил - «Лаа илаха илла-Ллах», Такбир - «Аллааху Акбар» деп айтуу, Тахмид - «Алхамдулиллах» деп айтуу.

[7] Имам Муслим, 1162.